# I. ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯ В ОБЩЕСТВЕННО-ПОЛИТИЧЕСКИХ ТРАНСФОРМАЦИЯХ ИСТОРИИ ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ И КЫРГЫЗСТАНА




***Аалиева Г. К.,***

*И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын философия жана коомдук илимдер кафедрасынын башчысы, философия илимдеринин кандидаты, доцент*


## Мамлекеттик атрибуттардын долбооруна сунушталган кыргыз элинин тамга-белгилерине интеллигенттин айрым түшүндүрмөлөрү


Макалада автор тарабынан байыртадан ар кандай белгилер, тамгалар пайдаланылгандыгы айтылуу менен, **кыргыздын** ошондой тамгаларынын, белгилеринин, оймо-чиймесинин катарына **“тумар”**, **“түндүк”**, **“жүрөк пейил”**, **“Умай эне”**, **“тоого чыгып бара жаткан илбирс”** белгилери киргендиги жана көп сандаган тамгалардын ичинен эмне себептен **ушул тамга-белгилер** мамлекеттик атрибуттарда чагылуусу керек экендиги сунушталат.

Байыртадан эле уруулук жана жеке менчикти белгилөө максатында **славяндарда** ар кандай белгилер, **түрк элдеринде, монгол** ж.б. калктарда тамгалар пайдаланылган. **Кыргыздын** ошондой тамгаларынын, белгилеринин, оймо-чиймесинин катарына **“тумар”**, **“түндүк”**, **“жүрөк пейил”**, **“Умай эне”**, **“тоого чыгып бара жаткан илбирс”** белгилери кирет. Элибиздин көп сандаган тамгаларынын ичинен эмне себептен **ушул тамга-белгилердин** желекте чагылуусу шарт?



**“ТУМАР” БЕЛГИСИ** [2.]. Бул **белги** мамлекетибизди **жаман көздөн, жаман сөздөн сактасын** деген **тилек** менен илгери Кыргыз ССРнин желегинин **сол жак бурчунда** орун алган **беш бурчтуу жылдыз** жана **орок, балка белгилеринин** ордуна, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик желегинин эң жогору жагындагы **КӨК түстүү** тилкенин **сол жак бурчуна** жайгаштырылууга тийиш.

***“Тумар” белгисинен*** башка **ГЕРБИКАЛЫК СИМВОЛДОРДУН** баардыгы тең *мамлекеттик желектин* ***кап ортосунан*** орун алган **АК түстүү** *тилкенин* ***чок ортосунда*** жайгашуусу абзел.



**“ТҮНДҮК жана ЖҮРӨК ПЕЙИЛ” БЕЛГИСИ** - бул белги *мамлекеттик желектин* ***кап ортосунан*** орун алган **АК түстүү** *тилкенин* эң эле ***чок ортосунда*** жайгашуусу зарыл..

Бул белги төмөнкүдөй ***эки элементтен*** турат:

1. **“ТҮНДҮК” БЕЛГИСИ** – 1993-жылдын 3-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган Кыргыз Республикасынын *мамлекеттик желегинин* ***расмий түшүндүрмөсүндө*** “Түндүк - *Ата Журттун*, кеңири маанисинде, *Ааламдын символу*. Түндүк *үйдүн, турмуш-тиричиликтин*, элдин кылымдардан бери келе жаткан *каада-салттарынын бекемдигин* гана эмес, *жер менен асмандын биримдигин* да туюндурган терең философиялык мааниге ээ. Түндүк *Кыргызстанда жашаган элдердин биримдигин* да символдойт”, - деп жазылганын айттык. *Долбоорлонуп жаткан желекте* да ***Түндүк*** *ушул эле маанисинде* калуусу шарт.



**2. “ЖҮРӨК ПЕЙИЛ” БЕЛГИСИ.** Бул белги ***улуттук мүнөз*** жана ***менталитет*** менен байланышкан. *Кыргыздардын улуттук мүнөзү* менен *менталитетинде* ***доминанта*** катары атоого *мүмкүндүктөрдү* берген бир катар ***өзгөчө белгилер*** бар. Алардын ***экөөсүнө*** гана токтолсок. ***Биринчиден***, заманбап саясатчылар өз көңүлүн *улуттун саясий, социалдык-экономикалык кызыкчылыктары* менен анын *аскерий потенциалына* буруу аркылуу ***улуттук мүнөз*** феноменин дагы деле болсо көз жаздымда калтырып келе жатышат. Учурдагы эң алдыңкы техника менен куралданган ***америкалык армия*** эмне үчүн ***кичинекей Вьетнам элинен*** жеңилип калды? Күч-кубаты артып турган ***ирандык шах М. Пехлевинин*** мамлекеттик саясат менен аскер ишинен кыйла алыс дин кызматкери ***аятолла Хомейниден*** жеңилип калуусун кантип түшүндүрсө болот? Эмне үчүн гүлдөп-өнүгүп турган ***Канада*** бүгүнкү күнгө чейин ***Квебек проблемасын*** чече албай келет? Совет доорунда ***«кой оозунан чөп албаган момун калк»*** деген ***стереотип*** менен таанылып келген ***кыргыздар*** 2005- жана 2010-жылдары ***2 саясий төңкөрүш*** жасап, бир күндүн ичинде эле өз элине каршы саясат жүргүзгөн *А. Акаев* менен *К. Бакиев* сыяктуу ***2 президентин*** өлкөдөн кууп салганын, 2010-жылы мөндүрдөй жааган окко жылаңач көкүрөгүн тосуп, ***Чоң казаттын*** учурунда *Бээжинди* алып, *санаса сан чак келбеген кытайларды* чөгөлөткөн ***Манас бабасындай*** болуп ***канкор атка минээрлердин*** *жүрөгүнүн үшүн алган* ***карапайым*** жана ***куралсыз кыргыз жигиттеринин жоруk-жосунун*** кантип түшүндүрсө болот? Дал ушундай ***баатыр жүрөк*** *уул-кызы* болгондуктан, элибиз кылымдарды карытып, ***“кыргыс”, “кырылгыс” аты*** менен аалламга таанылып келет. ***“Жүрөк пейил” белгиси*** *улутубуздун мүнөзүнүн* дал ушундай *каармандыктар* жана *тарыхий драмалар* менен коштолгон аспектисин туюндуруп турсун.

***Экинчиден,*** *Кыргыздардын улуттук менталитетине* ***таандык, типтүү*** делген ***белги*** болуп ***«пейил»*** түшүнүгү эсептелет. *Кыргыз* ***пейили*** менен ***күчтүү*** болгондуктан, ***пейилди*** кыргыздардын мүнөзүндөгү көзгө дароо урунган ***«доминанта» белги*** деп атоого болот. Бул түшүнүктү *башка тилдерге*, анын ичинде *орус тилине* ***тике, сөзмө сөз*** *которуу* мүмкүн эмес. ***«Пейилге»*** жакындаштырылган *түшүнүм* деп ***«Россия – щедрая душа»*** деген *рекламалык ураанды* атасак болот.

**“ТООГО ЧЫГЫП КЕЛЕ ЖАТКАН ИЛБИРС” БЕЛГИСИ** – бул белги **“ТҮНДҮК жана ЖҮРӨК ПЕЙИЛ”** *белгисинин* ***сол жагына,*** б.а. желектин ***туусу (древко)*** *жагынан* орун алууга тийиш. Бул жерде *оймолуу чийме* ***илбирсти*** туюнтса, *кыйгач кеткен* ***үч туташ сызык***, *тике маанисинде* ***биздин тоолорубузду***, *кыйыр маанисинде* төмөндөн жогору, алсыздан күчкө карай кеткен ***социалдык прогресстин жолун*** билдирсе, *сынык сызыктар* ***“сактоочу”, “колдоочу”*** деген маанини берет.

Кыргыз менталитетиндеги **саясий доминанта** катары алардын **эркиндикти сүйүүчүлүгүн** атоого болот. Неокантианчы **Э. Кассирердин** пикири боюнча **баөо менталдуулук** заманбап менталдуулуктан өзгөчө мүнөздөгү **логикасы** боюнча эмес, эң оболу, өзүнүн жаратылышка карата **теориялык** да эмес, **прагматикалык** да эмес, **симпатиялуу** да эмес мүнөз күткөн **мамилеси** боюнча айырмаланат. Примитивдүү адам нерселердин ортосундагы **эмпирикалык айырмачылыктарды** айырмалай алган эмес, цивилизациялуу адамдан айырмаланып, байыркы адам өзүн жаратылыштын бир бөлүгү катары карап, анын табият менен болгон биримдик сезими күчтүү өнүккөн. **Тотемизмде** ал өзүн кандайдыр бир **жаныбардын урпагы** катары эле карабастан, жаныбарлар менен болгон байланыш анын физикалык да, социалдык да болмушунун негизин түзгөн. Көпчүлүк учурларда бул кандайдыр бир тотемдик клandын мүчөлөрү өзүн өзү **канаттуу куш** же кандайдыр бир башка **жаныбар** деп жарыялоо формасындагы **идентификациялануунун** даражасын

туюндурган [Караңыз: 5.; 6.; 7. 8.]. Мисалы, англичандар өзүнүн кулк-мүнөзүн **түлкүгө (Fox)**, немистер **карышкырга (Wolf)**, орустар **аюуга (русский медведь)** окшоштурса, кыргыз элинин **"Кожожаш"** кичи эпосу менен **"Карагул ботом"** уламыш-кошогунун **мотивдери** боюнча белгилүү режиссер **Төлөмүш Океев** менен таланттуу драматург **Мар Байжиевдин** биргелешкен эмгегинен жаралган **көркөм фильм** кыргыздарды **«ак илбирстин тукуму»** деп атаган. Жаныбарлардын этосун (жүрүм-турумун) окуп-үйрөнүү көрсөткөндөй, **"ак сөөк" манералары ("барские манеры")** менен айырмаланган **ак илбирс** ыплас жерлерден алыс, бийик тоолордо, ак кар, көк муздун арасында, таза абада, **эч ким көз каранды** болбой, табият менен гармониялуу жуурулушуп, **эркин** жашайт. Илимий адабиятта кыргыздардын улуттук мүнөзүн **ак илбирс** менен салыштырган алгачкы маалымат философия илимдеринин доктору, профессор **А. И. Исмаиловго** (1937-2008) таандык [Караңыз: 2.].

**Орустар** сыяктуу **отурукташкан элдердин** майда-барат, өтөөр-кетээр көр дүйнөнүн **(материалдуу нерселердин дүйнөсүнүн)** болоор-болбос баалуулуктарына көз каранды болуп, ошол нерселерге байланып калганына таң калган **көчмөн кыргыздардын** дүйнө көрүмүн **В. В. Даль** өзүнүн **"Майна"** деп аталган повестинде төмөнкүчө сыпаттайт: "Мен эмне үчүн өз малымдан да жаман жашашым керек", - дейт кайсак (кыргыз). "Мен эмне алтын тордо эркиндикке чыгам дегенде эки көзү төрт болуп, жан далбастап жаткан чымчыктан да ылдыйммынбы? Ким үйү менен жерге байланса, тиккен ак өргөөсүн ордунан жылдыра ал. Ким түн да, күн да жарым сааттын ичинде үй-жайыбаса, анда ал - жер менен адамдардын кулун, мал-мүлкүн алып, төрт тарабы кыбыла дүйнөгө көчүп кете алса, анда ал - эркин. Хандын бакчасында өскөн тыт дарагы жакшы дечи, бирок, мен буттарым тамырлап, колдорум бутакка айланбасын билгендиктен, өзүмдү белиме чейин көөмп салганга жол бербейм. Байларга баардык жерде жакшы, ал эми кедейлерге баардык жерде жаман" [1. – С. 182].

Кайсакка жатып ичкен жан бакты жалкоо болгон күнөө, иште деп айтсаң, ал "Зарылдык болсо иштегенге не жетсин, жумуш качпайт; талаада ачка жылкы үчүн чөптөн көп нерсе жок, ал эми таң аткандан күн батканга чейин Кудайдын иши бүтпөйт", - деп жооп берет. Кайсактан "Кышында кийиз алачыкта жашайсың, суук эмеспи?", - деп сурасаң, ал "Каздан кышында бутуң тоңбойбу деп сурап көргүлөчү", - деген жоопту берет.

**Адамдын эркине** кара курсак менен кызыл кекиртектин айынан аргасыз баш ийген **башка жаныбарлардан** айырмаланып, **ак илбирс** темир тордун артында, же зоопарктарда кысылып жашай албайт. Постсоветтик геосаясий мейкиндикте өзүнүн **коомдук-саясий активдүүлүгү** менен кескин айырмаланган кыргыздардын менталитетинде да **эркиндикти сүйүү, эркиндик үчүн жан аябай кармашууга даярдык** сымал өзгөчүлүктөр көзгө дароо урунат. Орусиянын курамына киргенге чейин эле кыргыздар **эркинди баардыгынан жогору коюп, башкаларга көз каранды болууну жактырбагандыгы** тууралуу саясат илимдеринин доктору, Россия Федерациясынын ИИМине таандык МГИМОнун профессору, РФнын Мамлекеттик Думасынын депутаты В. Р. Мединский мындай деп жазат: «Енисейге орустар XVII кылымдын башында келишти. Ал жерде **кыргыздар** тарабынан түзүлгөн бир катар **примитивдүү мамлекеттерге** кез болушат. **Кыргыздар** көчмөн жана аскер иши менен байланышкан, ал эми аларга көз каранды болуп, **«кыштым»** деген атка конгон алардын **букаралары** дыйканчылык, малчылык, аңчылык жана балыкчылык кесиптери менен алектенишкен.

*Кыргыздар* өздөрүн ***«ак сөөк»*** деп атап, ***кыштымдарынан*** *салык* чогултушкан да, аларды өз билгениндей бийлешкен.

*Келгин орустар* ***кыргыздардын кыштымдарына*** да, ***өздөрүнө*** да ***баалуу аь терилер*** жана ***ясак*** (Москвалык Руста жана падышалык Россиянын кээ бир жерлеринде *буюм түрүндө* алынган *салык* – А. Г.) түрүндөгү ***салыкты*** салышкан.

*Кыргыздар* ***орус бийлиги*** менен жан аябай салгылашышты. Алар эки жолу ***Красноярск шаарын*** *штурм* менен алып кое жаздашкан. Эң кызыктуусу: *кыргыз хандарынын*

***букаралары (кыштымдар)*** *орустар* менен ***согушууну*** тап-такыр каалашкан эмес. Алардын көпчүлүгү бул жосууну ***кыргыздарга*** жакпасын эң мыкты түшүнүп турса да, *орус бийлигин* ***өз ыктыяры*** менен кабыл алышты.

1703-жылы *кыргыздар* ***Енисейден орустарды*** сүрүп чыгара албасын түшүнүп, бул жерден ***кетүүнү*** чечишти да, ***монгол талааларын*** көздөй көчө башташты. Алар өздөрү менен кошо ***эң баалуу менчиги*** болуп саналган ***кыштымдарды*** алып кетүүгө аракет кылышты. Бирок, ***кыштымдар*** эч жакка кетишкен жок. ...Ошентип, ***кыргыздардын*** мурунку ***букараларынан*** акырындык менен өзүн ***хакастар*** деп атай баштаган эл жаралган. Бүгүн алардын саны 70 миңден ашык. Алар *Красноярск крайынын түштүгү* менен *Хакасияда* жашашат» (астын сызган – А. Г.) [ 4. – С. 149-150).]

**"УМАЙ ЭНЕ" БЕЛГИСИ** – бул белги **"ТҮНДҮК жана ЖҮРӨК ПЕЙИЛ"** белгисинин **оң жагынан,** б.а. асабанын (полотнище) желбиреген жагына жайгаштырылуусу абзел. **"Умай эне"** белгисинин алдына да **илбирстин** алдындагы кыйгачынан кеткен сынык сызыктуу **бир** жана туташ сызыктуу **үч линиялар** болууга тийиш. Бул **биринчиден,** сүрөттөгү гармонияны камсыз кылат, **экинчиден,** үй-бүлө институтун жокко чыгарган ааламдашуу (глобализация) менен вестернизация процесстеринин шарттарында Умай эне **толук кыргыздар** менен **толлуу Кыргызстандын калкынын** салттуу баалуулуктары менен мурастарын **сактап,** алардын экономикалык, саясий, социалдык, маданий прогресс жолундагы **жетишкендиктери** менен **ийгиликтерин** дайым **колдоп турат** деген маанини туюндурмакчы.



**Колдонулган адабияттар:**

1. *Бычков А.* Грозные воины половецких степей. – М.: Изд-во АСТ, 2010. – С. 182.
2. Гербикадагы символдордун сүрөттөрү төмөнкү булак боюнча алынды: Кыргыз калпагы. Муундан муунга. – Бишкек: «Кыргыз Эл» коомдук бирикмеси, 2011.
3. *Исмаилов А. И.* Философия духа кыргызского народа. – Бишкек, 2002.
4. *Мединский В.* О России – «тюрьме народов». Серия «Мифы о России». – М., 2011. – С. 149-150).
5. *Cassirer E.* Das Erkenntnisproblem in der Philosophie und Wissenschaft der neueren Zeit, 3 Bde., 1906-1920;
6. *Cassirer E.* Philosophie der symbolischen Formen, 3 Bde., 1923-1929;
7. *Cassirer E.* Determinismus und Indeterminismus in der modernen Physik, 1936; 6. *Cassirer E.* An essay on man, 1944;
8. *Cassirer E.* The myth of the state, 1946).